# СЫРДУУ БӨЛМӨДӨГҮ КЫЯЛ



Автор: Шахло Алавова

Сүрөтчү: Арууке Исакова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# СЫРДУУ БӨЛМӨДӨГҮ КЫЯЛ

Автор: Шахло Алавова
Сүрөтчү: Аруукe Исакова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сырду болмодогу кыял" (кыргыз тилинде), автор Шахло Алавова, сүрөтчү Арууке Исакова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Мечты в чулане*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Исаевдердин үйүндөгү эң эле табышмактуу жай – тепкичтин алдындагы кичинекей бөлмө. Бул сырдуу бөлмө дайыма жабык турчу.

Алия түнүчүндө ойгонуп, суу ичип келүүгө ашканага жөнөдү. Ал жарым жолдон тык токтоп калды. Эшиги ачык калган сырдуу бөлмөнүн ичинен кандайдыр бир добуш чыкты.

Кыз кызыгып калды. Бирок бөлмөгө жалгыз баргандан коркуп, Алан инисин ойготту. Экөө сырдуу бөлмөгө кирүүнү чечишти.



Бет маңдайда сыйкырдуу көрүнүш пайда болду. Бөлмөнүн так ортосунда кичинекей чымчык отуруптур.

Чымчык текчелердин улам бирип карап, капалуу үшкүрүнүп жатты.


– Карасаң, чымчык! – Алан таң калды.

– Сенин атың ким? Бул бөлмөгө кантип кирип калдың? – деди Алия чымчыкка боору ооруп.

– Мен – Кыял, кыял чымчыгы болом, – деп жооп берди табышмактуу канаттуу.

– Эмнеге ыйлап жатасың? – Алан кызыга сурады.

– Мен бул жерден учуп кете албай жатам.



– Биз сага жардам беребиз! Эмне кылышыбыз керек? – деп сурашты балдар.

– Бул жерде ата-энеңердин балалыкта ишке ашпай калган кыялдары калган. Эгер ошол кыялдар ишке ашса, менин кичинекей канаттарым күчтөнүп, учуп кетет элем, – деп жооп берди чымчык.



– Ата-энебиздин кандай кыялдары болуптур? – деп сурады Алан.

– Карасаңар, мына атаңардын тилеги, – деп Кыял дубалды көрсөттү.

Текчеде кичинекей тюбиктерде ар түстүү боёктор, көптөгөн кистилер жана сүрөттөр бар экен.

– Атам бала чагында сүрөтчү болууну каалаган тура! Апамдын кыялы кандай болду экен? – деп ойлонуп калды Алия.



– Бул жакты карагылачы, – Кыял дубалдын башка тарабын жаңсай көрсөттү.

Бурчта чаң баскан гитара туруптур. Жанында ыр жана ноталар жазылган дептер жатат.

– Апам ырдагысы келген экен да! – деди Алан.

Бирөөнүн басып келе жатканын угушту. Атасы экен.




– Тогуздан кийин уктоо жана бул бөлмөгө кирбөө деген эки эрежени бузганыңар үчүн урушпаймын.

– Эмнеге сиз кыялыңызды ишке ашыра албай калдыңыз? Эмеге Кыял чымчыкты коё бербейсиз? Ага бул жабык бөлмөдөгү жашоо кызыксыз да? – деди  Алан.

– Кичинекей кезимден эле сүрөтчү болгум келчү. Көрсө, бул оңой эмес экен. Силер уктап калганда, мен ушул жерге келип, Кыял менен сүйлөшүп, сүрөт тартам. Сырымды эч кимге айткан эмесмин. Эми силер кыялыңарга жеткиле. Мейли эми, кеч болуп калды. Жумушка эрте барам. Силер да жаткыла.

– Апам өз максатын ишке ашырууну каалабайбы? – Алан суроосун токтотподу.

– Апаңар бул бөлмөгө кыямдар салынган банкаларды алганы, кышкы бут кийимдерди койгону гана кирет.
Ал Кыял менен сүйлөшпөйт дале. Гитараны кармабаганына он жылдай болду. Балдардын уйкусу келбей жатты. Алар Кыялга, атасына, апасына жардам бергилери келди. Түнү бою план түзүп чыгышты.




Дем алыш күнү балдар апасынын ырдаганын күтүштү. Маанайы жакшы болгондо ырдап калчу. Бир маалда, тамак жасап жатып ырдай баштады. Алия телефонун алып, апасын видеого тартып алды. Ошол убакта Алан сырдуу бөлмөнүн ачкычын издеп жаткан. Көпкө издеп, гүлдөрдүн идишинин артынан тапты.



Кечинде, баары уктап калган соң, балдар сырдуу бөлмөгө кирип, атасынын тарткан сүрөттөрүн телефонго тартып чыгышты.

Алия атасынын сүрөттөрүн апасынын ырларынын коштоосу менен Интернетке жайгаштырды. Арадан көп күн өттү. Интернетке жүктөлгөн видео көп көрүүчүнү топтоду. Бирок эч нерсе өзгөрүлбөдү.

Сыйкырдуу бөлмөнү ачкыч менен бекитпей да калышты. Балдар кечинде Кыял менен бирге ойношот. Кыял балдарга Айга учуу, машина, лампочка, электр жарыгы жана вакциналардын ойлоп табылышы жөнүндө айтып берет.



Бир күнү балдардын бөлмөсүнө канаттарын каккылап Кыял учуп келди. Ал балдарга ыраазычылыгын айтты. Себеби, алар ата-энесинин максатын ишке ашырууга жардамдашып, Кыялды бошотушуптур. Кыял балдардын өз максаттарын унутпоону өтүнүп, учуп кетти.

Балдар жылдыздарга карай учуп бара жаткан Кыялды кубанычтуу карап, ар кимиси өзүнүн кыялы тууралуу ойлоп көпкө турушту.



Кийинки күнү, Алан жана Алия атасынын сүрөттөрүн алып чыгып жатканын көрүштү.

– Балдар, мага галереядан чалышты. Сүрөттөрүмдү көргөзмөгө коюшат экен. Ишенбей турам! – деди атасы кубанычын жашыра албай.

Кечинде апамдын курбусу чалып, таланттар сынагына катышууну өтүндү. Апам өзүн аябай бактылуу сезди.



Атамдын сүрөттөрү көргөзмөдө жакшы кабыл алынды. Андаишенич пайда болуп, сүрөт тартуу өнөрүнө кайтып келди. Сынакта апам ырдап жатканда, бүт зал тынч болуп турду. Балдар апасынын толкунданып жатканын сезишти, бирок аны эч ким байкаган жок. Апасынын үнү кандай керемет! Ыр бүткөн соң, зал туруп, дүркүрөтө кол чаап жатышты. Апам бактылуу жылмайып турду, себеби анын балалык кыялы орундалды!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шахло Алавова
Сүрөтчү: Аруке Исакова
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли